УДК 82(092)+1(091)

Асакеева Д.Ж., Сооронбаева Ч.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# К.ТЫНЫСТАНОВДУН ПОЭТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

*Макалада К.Тыныстановдун көркөм чыгармачылыктагы өзгөчө орду анын өз жашаган мезгилинде алган баасы тууралуу айтылат. Поэтикалык чыгармачылыгындагы негизги идеологиялык ойлордо социалдык коомдук турмуштун философиясын ачкандыгын белгиледик.*

Касым Тыныстановдун жалган жалаа менен атылып, репрессиянын курмандыгы болгондугу кийин такталып, кеч болсо да кыргыз эли үчүн жасаган эмгектери акталды, тактап айтканда, 1988-жылы 29-декабрда (С.Станалиевдин айтуусу боюнча) толугу менен акталган. Мына ушундан кийин 1990-жылдары Постсоветтик адабият учурунда эмгектери изилденип, жарыялана баштаган. 1991-жылы туулган күнүнүн 90 жылдык юбилейи, 2001-жылы 100 жылдык юбилейи өтөт, мына ушул кезде адабият, маданият тармагында анын чыгармачылыгын кайрадан кароо башталган, чындыгында, бул мезгилде жарык көргөн чыгармалар 30-жылдардагыдай сындоо тибинде болгон эмес, чыгармаларын адабий иликтөөгө алуу, илимий изилдөө болгон. Акындын чыгармаларын биринчилерден болуп изилдөө жүргүзгөндөр К.Асаналиев, А.Акматалиев, С.Жигитов, О.Ибраимов, А.Эркебаевдер болушкан. Бирок буга чейин (1980-жылдардын орто ченинен тарта өлкөдө Кайра куруунун илеби тийген кезде) аталган сынчылар иликтөөлөрүн жүргүзүшкөн.

Касым Тыныстанов, жогорудагы сындарда айтылгандай, Октябрь революциясын кабыл албай, аны кулатуу, «Алаш-Ордо» партиясын кыргыз жерине орнотуу, улутчулдук, бай-манапчылык идеяны көтөрүп чыгуу аракетин көргөн эмес, коммунисттик партияга да каршы чыккан эмес, тескерисинче, коммунисттик партиянын катарына өтүп, совет мамлекетинин идеясынын кыргыз жерине орношуна зор күчүн жумшаган. Анын күнөөсү эле Октябрь революциясынын жеңиши - улуттук кайра жаралуу үчүн, көз каранды эмес, эркин жаңы турмуш куруу үчүн мүмкүндүк деп карагандыгында эле!

Ал алгачкы ырларында Совет бийлигинин жеңишине кубанып, Совет бийлиги кыргыз элин арта калгандыктан, маданиятсыздыктан, илим-билимдин жетишсиздигинен, эзүүдөн, жакырчылыктан куткарат деген ишенимде «ойгон жаштар, ойлон жаштар, көзүңдү ач, билимге умтул, алдыга умтул» деп кубанып жазган. Бирок башка акындардай Совет бийлигин даңазалоодон алыс болгон. Тагыраак айтканда, К.Тыныстанов лозунгдук поэзиядан тез арада оолактап, чыныгы поэзия жаратуу жолуна түшкөн. О.Ибраимов белгилеп өткөндөй: «К.Тыныстанов өз чыгармаларын башкалар сыяктуу Октябрь төңкөрүшүнө чейинки кыргыз тарыхын жалаң кара боек менен боеп, революциядан кийинки турмушту күлүңдөп тийген күнгө, ага чейинки доорлорду караңгы түнгө теңеп жазып турса, албетте, ал деле көптүн арасында, көчтүн карасында жүрө бермек. Тескерисинче Касым замандын тардыгын, кенен Мухитке каалагандай эркин бой ура албай кыйналып жатканын, илгер заманда караңгы «түн» болмок түгүл, казак менен кыргыз эркин, эч кимге көз карандысыз өмүр сүргөнүн ачык текст менен айтып чыкса, анан жаңы замандын идеологдорунун кыжырын келтирбей коймок беле! Өткөн доорлорду жалаң «караңгы тор», «шум заман», «тар заман», «зар заман» деп бир беткей эпитеттер менен өз коллегалары бир ооздон шөкөттөп жаткан кезде Касым кайра минтип жазып отурса, албетте, ага жумурткадан кыр издеп турган замандаштары эч качан «бали!» деп айтмак эмес»[1].

[1] Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор //Кыргыз маданияты, 1991, 10-октябрь, № 41 (1228).

Ооба, К.Тыныстанов өткөн заманды эч качан жамандаган эмес, кыргыз эли көчмөндүү калк болгондугун, өз алдынча эл катары жашап тургандыгын айтып жана кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын бай-манаптыкы, буржуазия деген сыяктуу түшүнүүлөрдөн алыс туруп, ага дайыма кайрылып, андан үлгү алган. «Касым Тыныстанов өз мезгилинин эң билимдүү адамы экенине карабастан, анын ошол учурдагы эстетикалык базасы «таянар тоосу», негизинен, элдик оозеки поэзия экени талашсыз. Мына ошондуктан ал өзүнүн чыгармачылык мүдөөсүн ишке ашырууда, баарынан мурда, элдик эпостун үлгүлөрүнө гана таянмак. Мына ушундан улам ал Жаңыл Мырза жөнүндөгү элдик мотивдерге жана сюжетке кайрылган деп ойлойбуз. К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасына өз учурунда, андан соң кийин да эски турмушту идеализациялаган деген саясий айып, күнөө коюлушу бекеринен эмес. Анткени бул поэманын ички пафосу, көтөргөн мазмуну каарманды даңазалоого, элдик романтикалык эстетикага негизделген»[2] – деп сынчы айткандай, К.Тыныстанов таасирленип, үйрөнө, туурай турган эстетикалык үлгү жок эле, ошондуктан ал кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынан кыртыш алып, фольклордук азыктан акындык «мен» өсүп чыккан, мына ушул себептүү К. Тыныстанов кыргыз элинин байыркы турмушун романтизациялоосу келип чыккан. Ал мындай жыйынтыкка эски турмушту атайлап мактап, жаңы турмушту, советтик чындыкты жокко чыгаруу максатынан эмес, тек гана чыгармасын жараткан учурдагы элдик поэзия, элдик мотив, элдик сюжетке таянган эстетикалык факторунан келип чыккан.

Чындыгында, К.Тыныстанов Октябрь революциясына чейин деле кыргыз эли эл катары жашап келгендигин, көчмөндүү калк катары өмүр сүргөндүгүн дайыма айтып келген, кыргыз элинин Октябрь революциясына чейинки турмушун “шумдук жаман турмуш, кыргыздар өлгөнү калган” кылып көрсөткөн эмес, кыргыз эли революцияга чейин жеке тарыхка ээ калк катары жашап келгендигин эч качан танган эмес, мына ушундай тагдыры бар элди Октябрь революциясы социалдык турмушун оңдоочу катары күткөн. Мисалы, “Манас” күмбөзү” ырында, “Жаңыл-Мырза” поэмасында эл кандай турмушка жетсе да өз тарыхын, даңктуу тарыхын, андагы инсандарды унутпоо керектигин көтөрүп чыккан. Ар бир сүрөткер турмуш чындыгын чагылдырат, бирок өзүнө жакын социалдык катмарга, дүйнөтаануусуна жараша эстетикалык позицияны тандап алат эмеспи, К.Тыныстанов да замандаш акындарынан айрымаланып, жеке көз карашына ылайык чыгармаларды жараткан. Албетте, саясатташкан коомго ал жаккан эмес.

«Талашсыз нерсе ушул: Касым Тыныстанов – Октябрь революциясынын кудуреттүү шары менен кыргыздан адеп өйдө калкып чыккан советтик интеллигенттердин бири, улуттук жазма-чиймеге, басма сөзгө, мектеп таалимине, көркөм адабиятка, тил илимине негиз салгандардын, кошумча кошкондордун көрүнүктүүсү. Анын агартуу, коомдук ишмер, журналист, илим уюштургучу катары да тарыхта өз жайы бар»[3] - деп көркөм чыгармачылыкка дайыма сын көз караш менен катуу караган, Алыкул Осмоновдун саналуу гана ыры бар деген талабы күчтүү адабиятчы, сынчы С.Жигитов К.Тыныстановго өз замандаштарынын ичинен акылы менен, таланты, шык жөндөмү менен айырмаланып, алдыга озуп чыккан инсан экендигин, башка акындар совет бийлигин, Ленин, партияны даңазалап ырдап жатышса, Тыныстанов чыныгы поэзияны жараткан деп айтканы анын кандай акын, кандай инсан, кандай окумуштуу болгондугун, жан-дүйнөсүн, ойлонуу-толгонууларынын кандайлыгын ачып көрсөтүүдө. Ушундай инсандын эмгегин элине таштай албай кеткендигине кейип: «Тилекке каршы, Касымдын кубаттуу акындык потенциалы толук бойдон ачылбай кетти. Калем сыноо сыпатындагы туңгуч ыр китеби

[2] Асаналиев К. Касым Тыныстанов. Өткөн күн мотиви. Китепте: К. Тыныстанов. Е. Поливанов. - Б., 2003. - 98-99-б.
[3] Жигитов С Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. - Б., Адабият, 1991. - 248-б. - 69-б.

жарык көргөндөн кийин ал ыр токуганга анда-санда гана кайрылып, кайрылганда акындык өнөрү дале шайма-шай экенин дагы бир жолу айгинелеп жүрдү. Бирок поэзия чыгармачылыгынын артынан сая түшкөн жок, анткенге эч убакты-чактысы болгон жок»[4] - деп айткан.

Ооба, К.Тыныстановдун чыгармачылыгы ачылбай кетти, мунун эки себеби бар, биринчи, коомдук иштерге көп аралашышы, аткарган милдетинин көбү, илимий иш менен алектениши себеп болсо, экинчи жагы, ошол мезгилдеги саясат жана кыргыздан чыккан душмандары чыгарма жазганга жол беришкен эмес. «Касым ырларынын жыйнагы» китеби чыккандан тартып, сындоо күч алып, 1932-жылы «Чыгарма жазбасын» деген партиянын чечими ыр жазганга тыюу салынышы менен чыгармалары жарык көргөн эмес. А чыгармаларын камалганда кошо алып кетишип, эмне болгону, кайда экендиги белгисиз бойдон калган. Ошол себептүү чыгармалары эмне болгону белгисиз. Байбичесинин айтымында, бир топ ырлары, поэмалары болгон экен.

Ыр куроодо, дегеле чыгармачылык болбосун, изилдөөчүлүк болбосун, коомдук иш болбосун, алдына эч кимди чыгарбаган кашкөй таланттын эмне үчүн ушундай трагедиялуу тагдырга капталганынын, биздин оюбузча, О.Ибраимов “Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор” (1991) деген макаласында жооп берген: «Касым Тыныстанов жөнүндө сөз кылып жатып, анын ушунчалык жемиштүү да, жеңиштүү да өтүп келаткан өмүрүнө эрте балта чаап, ага эле эмес, жалпы кыргыз маданиятына, илимине кыянаттык кылган кимдер же кайсы ички-тышкы себептер болгон деген маселеге аргасыздан келип такаласың. Ырасында эле, Касымдын кайнаса каны кошулбаган «идеялык» душмандары кимдер болгон? Бул бир караганда жөнөкөй, бирок чын-чынына келгенде абдан татаал суроо. Албетте, ошол эле А.Токомбаев же болбосо А.Убукеев, атүгүл, азыр да, идеологиялык догмалар биринин артынан бири четке кагылып жаткан заманда да, К.Тыныстановдун атын атаганда жүнү тескери айланган айрым адистер алды менен дал ошол каран калган сталинизмдин туткундары. Экинчи жагынан, А.Токомбаевдин өмүр бою Касымдын атын жер үстүнөн өчүрүп ийүүгө аракет кылганы, баарынан мурун, кыргыз жазма адабиятынын чыныгы тарыхын бурмалоо, өзүнө чейинки чыккан жазуучулардын маанисин колдон келишинче төмөндөтүп, өзүнүн ролун өйдөлөтүү аракети экендигин таанууга болбойт»[5]. Адабиятчы акынды жөн гана мактай берген эмес, чыныгы поэзиянын талабында, дүйнөлүк поэзиянын чен-өлчөмүнөн баалаган.

К.Тыныстановдун поэтикалык таланты жогору, акын катары башкалардан айырмаланып, чеберчилиги профессионалдык жактан башкалардан өзгөчөлөнүп турган мыктылыгын К.Даутов: «Ырасында эле, Касым Тыныстанов ошол учурда жалпы окурман аң-сезим деңгээлинен да, адабий чөйрөнү түзгөн калемдештеринен да, Айткулу Убуке уулуна окшоп талант наркын бычып, жыйынтык чыгарчу адис болом деп талаптанган замандаштарынан да, он жылдай алдыда бараткан экен»[6] – деп белгилеп көрсөткөн.

Мына ушундай касиет-сапаты аны башкалардан айырмаланып турушуна жол ачкан. Ал коомдук талаптарга баш ийбестен, жеке өзүнүн көз-карашына ылайыктап ыр жазган, замандын оош-кыйышын, кыйынчылыгын алдын-ала сезип, буга философиялык маанайда ой-жүгүртүп, Ата-журттун башына түшкөн бул мүшкүл иштин да өтөрүн, ак менен каранын күрөшүнүн бүтөрүн, өзүнүн ак жерден караланышын, өзүнүн ак экендигин, адилеттик акыры жеңерин “Курбума” деген философия-медитативдик ырында:

[4] Жигитов С. Төл башы. //Ала-Тоо, 1991, № 9. - 56-б.
[5] Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор. //Кыргыз маданияты, 1991, 10-октябрь, № 41 (1228).
[6] Даутов К. Адабий сын кантип жаралган. - Б., 2002. - 248-б. - 156-б.

Жел сокмок, жер айланмак, дарыя ташымак,
Күн да түн да ала салмак, алмак-салмак.
Жаш акмак, жар айнымак, жалын өчмөк,
Эски өтмөк, жаңы жетмек, орун басмак.
Алышкан бирде жыгылмак, бирде жыкмак,
Жарышкан бирде калмак, бирде чыкмак,
Дүйнө мейнеттики белден баткан,
Мурунтан болуп келген, боло жатмак…
Боолукту эл мойнуна заман салмак,
Эл жүгүн эр аркалап мойнуна алмак.
Заман жел кутурткан жиндей толкун
Калаксыз кайык сүзмөк, эрк талашмак.
Чыкканча бирөө четке жүзүн сатмак.
Бирөөлөр кол куушурмак көзү алактап.
Аткан ок, алышкан жоо кансыз тынбас,
Бирөөнү курман кылмак толкун таптап.
Бирөөлөр дуба кылмак ичтен жаттап.
Бирөөлөр санааланмак, азып, дарттап.
Кайыкта калың элдин биз да бири.
Кажыба, чыда курбум, чырың сактап!
Айрылбай, максатыңдан колун кармап,
Ээрчисең, адаштырбай түз апармак – деп билдирген. Бул ырды акын 1923-жылы жазган, ошондо эле өзүнүн тагдырын өзү көрүп, алдын-ала билип жазгандай сезилет.

К.Тыныстановдун 30-жылдарда адабий сынга алынышына сарысеп салсак, ошол кездеги сын-макалаларда көркөм адабияттын табитине, өзгөчөлүгүнө жараша пикир алышуунун ордуна, чыгармачылыкты саясатташтырууга, чыгармачылык талаш-тартышты күчөтүүгө, кимдир бирөө жеңишке жетишсе, кимдир бирөө жеңилерин аңдуу жагына, чыгармачылыкка адабий талдоо берүү күнүмдүк саясий окуя-кырдаалга байланыштуу чечилерине басым коюлгандыгы ачыкка чыгат. Натыйжада, адабият жаатында чыгармачылыкка, көркөм чыгармага талап болбой эле, саясатташкан декларацияга, саясий айып тагууларга, ката табууларга талап коюлуп турган. Турмуштагы коомдук-саясий кырдаалдын мындай болушу адабий процесске сөзсүз кедергисин тийгизген да, кыргыз совет адабиятында өзгөчө саясатташкан, идеологиялаштырылган, күнүмдүк саясий кызыкчылыкка кызмат өтөгөн адабияттын жаралышына түрткү болгон.

Ушул жерден суроо келип чыгат эмне үчүн К.Тыныстанов өз учурунда бааланмак турсун, тескери сынга дуушарланып, таланты, илим-билиминин күчтүүлүгүнүн азабын тартып, трагедияга кабылган? Суроонун жообу да бар: адам канчалык бийик, мыкты, билими терең, маданияты жогору, инсан болбосун, аны курчап турган чөйрө да ошого жараша мыкты болуп, маданий, илим, билим жагынан интеллектуалдуу болушу шарт, эгер ага шайкеш мезгил, чөйрө, коомдук шарт болбосо, анын ийгилигин, тапкан табылгасын, ачкан жаңылыгын түшүнүү болбостон, тескерисинче жаман катары кабыл алынып, кемчилик катары туюлушу мүмкүн. Касым Тыныстанов дал ушундай коомдук шартка кептелген. Ал чыккан мезгилде кыргыз интеллигент чөйрөсү, реалдуу турмуш, маданий деңгээл таптакыр башка эле, жаңы гана көчмөндүү турмуштан совет коому орноткон турмушка аралашып, кат-сабатын жоюуга бет алып, илим-билим, көркөм чыгармачылык, советтик маданият кандай болорун билбей араң турган кыргыз эли совет бийлигинин талабын кандай аткарарын билбей, түшүнүксүз турмушка, дүйнө түшүнүккө капталган татаал учурунда К.Тыныстанов билими, интеллектиси, эрудициясы жактан айырмаланып, жогорку деңгээлде турган. Мына ушундай инсандын

талантынын четин да оё албастан, бере тургандарын бере албай кетиши - жеке анын эле трагедиясы эмес, ал жашаган доордун трагедиясы!

К.Тыныстановдун поэтикалык чеберчилиги, таланты, сүрөткерлиги замандаш акындардан, айрыкча, 20-жылдардын ортосунда ыр жазып баштаган акындардан алда канча жогору турар эле. Ал акын, жазуучу, драматург, коомдук ишмер гана болбостон, мыкты тилчи болгон. Кыргыз жана орус тилдеринде эркин сүйлөп, илимий эмгектерин илимий стилде жазган. Ал жазган кыргыз тилинин грамматикасын ушул мезгилге чейин колдонулуп жүрөт. Белгилүү тилчи Е.Д.Поливанов менен бирге кыргыз тилинин илимий грамматикасын иштеп чыккан. Анын илимий мурастары тууралуу өзүнчө кеп кылуу керек, ал - өзүнчө бир чоң тема.

«Адам акылынын алсыздыгы өзүнүн жолу жоктугунун себебин башкалардан издөө менен жеке алсыздыгынан, дармансыздыгынан, байкуштугунан жана колунан эч нерсе келбестик кемчилигинен кутулат» - (философ Боэций) деп айтылган акылман сөз К.Тыныстанов сыяктуу кыргыз элинин интеллигенттерине асылган ошол мезгилдин «кыйкырыкчыл-сүрөөнчүл» адамдарынын жан-дүйнөсүн ачып көрсөтүүдө. Тагыраак айтканда, К.Тыныстановдун триумфу ага жете албагандарды чочуткан, коркуткан, ошондуктан аны жок кылганга бүт күчүн үрөшкөн, акырында ага жетишкен, өзүнөн өйдө турган инсанды жалган жалаа менен жок кылышкан, өздөрү эч качан мындай деңгээлдеги инсан боло алышпайт эле, алардын пендечилик кемчилиги ушунда!

Улуу окумуштуу тилчи-лингвист Е.Поливанов да аталган партияга катышы бар, партиянын иши үчүн Япониянын шпиону болгон деп “күнөөлөнүп” атылат. Кыргыз жазма адабиятын баштаган С.Карачев да “СТПнын” мүчөсү делген күнөө менен 1937-жылы 14-августта камалып, тынбай сурак берип, суракка алуучулардын “жардамында” бардык күнөөнү мойнуна алып, 1938-жылы 10-февралда атууга өкүм кылынган жана бул ишке ашырылган.

Партия тууралуу тарыхчы В. Плоских минтип айтат: “В период репрессий в 1937-1938 гг. Миф о социал-туранской партии выполнял роль крючка, на который ловили всех без исключения обвиняемых в “национализме”. “СТПнын” мүчөсү делгендердин баарына “улутчул”, совет бийлигине каршы контрреволюциячыл иштерди жана куралдуу көтөрүлүштү жасаганга аракеттенишкен, алгач Япониянын, андан соң Англиянын шпиону деген жарлыктарды тагышкан жана бул “күнөөлөрдүн” баарын физикалык жана моралдык жактан талкалоонун натыйжасында жетишишкен. Аталгандар тынбай сурак берүүнүн, кыйналып, азап-чегүүнүн, физикалык жактан жапа чегишип, ур-токмоктун жана суракка алгандардын күчтөп моюндарына коюунун натыйжасында “күнөөлөрүн” моюндарына алышкан. Тагыраак айтканда, таяк жеп, азап чегүүнүн жеткен чегинде, эч кандай каршылашар алдары калбай калганда кандай “күнөө” коюлса да “моюндарына алышкан”, эмнени жаз дешсе, жазып беришкен.

“Социал-туран” партиясынын азабы менен камалгандар, атылгандар, Касым Тыныстановдон башкасынын баары, Хрущевдик “желаргынын” натыйжасында 60-жылдары акталып чыгышкан.

1933-жылы башталган “СТПнын” чын эле уюшулганынын, жогоруда аталган иш-аракеттер болгондугун ОГПУ, НКВД чындык катары элге ишендиришкен, мындай партиянын болгондугун совет бийлигине карата тескери иштердин болгондугу алар үчүн өтө керек, зарыл болгон, тагыраак айтканда, репрессиянын кандуу капшабын баштоо үчүн, “күнөөкөрлөрдү” табуу жана жазалоо үчүн, Москвага “эл душмандарын” таап жатабыз деп отчет берүү үчүн мындай партия керек болгон. Азыркы мезгилде мындай партия чын эле болгонбу, же ойдон чыгарылган жомокпу, белгисиз болуудa, анткени Социал-туран партия кыргыз жеринде уюшулганбы, эч кандай документ, фактылык материал жок. Партиянын мүчөлөрү делип, күнөөсүн моюндарына алып, камалып, атылып кеткендердин көрсөтмөлөрүнөн тышкары эч кандай фактылык материал жок.

Бирок өз убагында милдетин абдан жакшы өтөгөн, “кереги жок, зыяндуу” адамдарды жок кылууда абдан керектүү курал болгон. Ойдон чыгарылган “СТП” менен идеялык күрөш башталып, жыйынтыгында, 20-жылдары кыргыз интеллигенциясынын башында турган инсандар НКВДнын алгачкы курмандыктары болушкан.

Ошону менен кыргыз интеллигенциясынын каймактары, акын-жазуучулардын бир тобу ушул партиянын мүчөсү, уюштуруучусу жана “улутчул”, “буржуазиячыл”, “контрреволюциячыл”, “эл душманы” деген жарлыктар менен атылып кетишкен, булар кыргыз адабияты менен маданиятындагы, дегеле кыргыз коомундагы алгачкы жоготуулар эле.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Касым Тыныстанов. Өткөн күн мотиви. Китепте: К. Тыныстанов. Е. Поливанов. -Б., 2003.
2. Даутов К. Адабий сын кантип жаралган. - Б., 2002.
3. Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор. //Кыргыз маданияты, 1991, 10-октябрь, № 41.
4. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. - Б., Адабият, 1991.
5. Жигитов С. Төл башы. //Ала-Тоо, 1991, № 9.